**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ШАЙЛОО ЖАНА РЕФЕРЕНДУМ ӨТКӨРҮҮ БОЮНЧА БОРБОРДУК КОМИССИЯСЫ**

720011, Бишкек шаары, Пушкин көчөсү, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Борбордук казыналык
ИУЖК: 20327005
БИК: 440201
ИСН: 01704199610123

**ЦЕНТРАЛЬНАЯ КОМИССИЯ ПО ВЫБОРАМ И ПРОВЕДЕНИЮ РЕФЕРЕНДУМОВ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

720011, г. Бишкек, ул.Пушкина, 50
Тел.: +996 (312) 620821; факс: +996 (312) 620823
www.shailoo.gov.kg
e-mail: document@shailoo.gov.kg
Центральное казначейство
ОКПО: 20327005
БИК: 440201
ИНН: 01704199610123

№_____________ «____»_______20__

Сизд.чыг. (На) №___________ «_____» _________20__

**Н.А. Ташматовго**
*Дареги: Баткен облусу,*
*Лейлек району, Кулунду*
[redacted]
*тел.:* [redacted]

Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссиясы (мындан ары – КР БШК) Сиздин 2023-жылдын 5-декабрындагы арызыңыз боюнча төмөнкүлөрдү билдирет.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 1-бөлүгүнүн 9-пунктуна ылайык: *«Жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу үчүн ага карата соттун айыптоо өкүмүнүн мыйзамдуу күчүнө кириши негиз болуп саналат».*

2023-жылдын 17-февралында Баткен облусунун Лейлек райондук сотунун Сизге карата айыптоо өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргендигине байланыштуу, КР БШКнын 2023-жылдын 26-декабрындагы №225 чечими менен Сиздин арызыңыздагы талаптарды канаатандыруудан баш тартты.

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 3-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык, *«Ушул березенин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн негиздер боюнча депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу негиз келип чыккан күндөн тартып тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы 30 календардык күндөн кечиктирбестен кабыл алган чечим менен жүзөгө ашырылат. Тиешелүү аймактык шайлоо комиссиясы депутаттын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу жөнүндө маселени тиешелүү арыздын же сунуштаманын негизинде карайт».*

Лейлек аймактык шайлоо комиссиясынын 2023-жылдын 4-декабрындагы №5 чечими менен жогоруда көрсөтүлгөн Мыйзамдын беренесине ылайык, Кулунду айылдык кеңешинин депутаттык ыйгарым укуктарыңыз мөөнөтүнөн мурда токтотулган. Бул чечим КР БШКнын 2023-жылдын 26-декабрынын №110 токтому менен бекитилди.

**Төраганын орун басары** **Т. Шайназаров**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

Атк.: Берикбаева К. 660118

Чыг. № 02-1-10/1125, 26.12.2023

Кол койгон: Шайназаров Т.У., 26.12.2023